КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ОТКОРУУ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

714000, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

714000, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №21/3

2021-жылдын 04-апрели — Ош шаары

**Күн тартиби:**

1. **№5308 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Бердалиева Сапаргүл жөнүндө.**
2. **№5902 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Торогелдиева Уулкан жөнүндө**

**Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын**

**ЧЕЧИМИ:**

1. Ош АШКнын арыздарды кароо боюнча жумушчу топтун маалыматы боюнча №5308 УШКнын торагасы С.Бердалиева жөнүндө арыз-даттануунун кээ бир фактылар тастыкталбаган, бирок мындан кийин шайлоо мйзамдарды так аткаруу боюнча №5308 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы С.Бердалиевага эскертуу берилсин.

2. Ош АШКнын арыздарды кароо боюнча жумушчу топтун маалыматы боюнча №5902 УШКнын торагасы Торогелдиева Уулканга баа берүү жагы участкалык шайлоо комиссиясына сунуштасын
3. Бул чечим №5308 ,, 5902 УШКнын курамдарына маалымдалсын.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ош АШКнын мүчөсү , № 4 Манас Ата МАБтын куратору Ж. Аматовго, № 3 МАБ куратору М. Жутановко жүктөлсүн.

**Ош шаардык АШКнын төрагасы:** — **Пайзиддаев М.**

**Ош шаардык АШКнын катчысы:** — **Нурмамбетова М.**

**Ош шаарындагы №12 Кесиптик лицейинде жайгашкан №5902 УИКтин шайлоо чогулушунун**

## Протоколу

**№4**

Ош шаары 29- март 2021-жыл.

**Күн тартибинде:**

1. Алдыда боло турган шайлоого болгон даярдык.
2. Төрайым Торогелдиева У.П. жуму боюнча.

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча төрайым Торогелдиева У.П. сөз сүйлөп ал келе жаткан шайлоого болгон даярдык жөнүндө сүйлөп. Ар бир курамдагы адамдарга шайлоонун өтүшү жана кандай мыйзамдарга баш ийүү менен өтүш керек мэкендиги жөнүндө айтып өттү. Ал сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду; Бул жумуш бизге окмот тарабынан ишенип тапшырылган жумуш ар бирин бирден берилген киттептерди кунт коюп окуу менен таанышып чыккыла, шайлоо мыйзамдарын бузууга жол бербегиле. Жана эчкандай партияларга үгүт ишин кылууга болбойт, силер калыс жана эл ишенимин актап таза шайлоо өтүшүн көзөмөлдөө керек экенин айтып отту. Башка париялардын кызыкчылыгы үчүн иштөбөгө жана өз иштерин так аткаруу керектиги жөнүндө түшүндүрүп өттү. Ошондой эле жарыш сөзгө мүчө болуп иштеген Кылычова Жумагүл эже да кошулуп өттү. Ал сөзүндө эч кандай партияга үгүт иши боюнча иштебешин. Жана бул курамда иштеген жалпы кесиптештер жооп керчиликтүү иш алып бараарына ишенерин айтып өттү.

Экинчи маселе боюнча биздин төр айым Торогелдиева Уулкан Полотовнага коюлган жалаа жабуу маселеси козголду. Мында сөз башын өзү Торогелдиева Уулкан эже өзүнүн үстүнөн жазылган арыз жөнүндө кыскача айтып өттү. ал сөз башында; арким өз кызыкчылыгы үчүн мен мында төрайым болуп кызмат өтүп жатып башка партияларга үгүт ишин жасап жатат деген жала менен арыз жазды деп айтып өттү. Анда жарыш сөзгө Шериев Эльгиз чыгып ал сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Биз үшуну менен үчүнчү шайлоодо бирге төр айым менен иштеп келе жатабыз, жана Уулкан эже эчкандай партияга үгүт ишин алып барганын көргөнүм жок. Себеби ал күндүзү кечке биз менен шайлоо участкасында болот, мен оператор кызматын аткарып жаткандыгым үчүн мен да саартан кечке дери үшул жерде

болом жана Уулкан эжени ушул жерде шайлоо ишин гана аткарып жатканын көрүп келем. Кийинки сөзго Кенжебекова Асила кошулуп ал сөзүндө төмөнкүгө токтолуп өттү; мен ушул шайлоо участкасында жана ушул лицейде да иштеп келем мен күндө ушул жерде болгондуктан Уулкан эжени ушул жерден көрөм жана үгүт ишин аткарганын көргөнүм жок деп айттып өттү. Кийинки сөзгө Шамуратова Батма кошулуп, ал сөзүндө, мен катты кызматын аткарып Уулкан эже менен 2 жолку өткөн шайлоодо дагы чогу иштешип келгениме тайанып Уулкан эже ушул гана жерде иштеп саартан кечке дери чогу болгондугубуз үчүн аны эч кандай үгүт ишин жасаганын көргөнүм жок. Жана айта кетчүү нерсем Уулкан эже шайлоо мыйзамдарын так билгендиги үчүн үгүт ишин жасабагандыгына ишенем деп айтып өттү. Жана ошол чогулушка келген жалпы курам кесиптештер айкан сөзгө кошуларын жана төрайым эчкандай үгүт ишин аткарбай ушул жерде жамаат менен иштеп келе жаткандыгын айтып өтөштү.

Чогулушка катышкандар:
Жалпы –14.
Келбей калгандар --жок.

**Чогулуштун төрайм:** **Торогелдиева У.П.**

**Катчы:** **Шамуратова Б.А.**

№ 5902
УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

Тамактандыруучулар

Торогелдиева У. [signature]
Шамуратова Б.
3. Кылычова Ж.
4. Жолдошова Н [signature]
5. Токторова А [signature]
6. Орузбаева У. [signature]
7 Юсупова М [signature]
8 Омурбек к С. [signature]
9 Кутманалиев Э. [signature]
10 Кенжебекова А. [signature]
11 Ибрагимов А. [signature]
12 Мурзаев Э. [signature]
13. Кахаров Х. [signature]
14. Калыкова М. [signature]